УДК 373.2

Карасартова Ж.Б., Осмонкулова Ж.Ж
*К.Тыныстанов ат.ЫМУ.*

# БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРДИН КЕСИПТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТҮГҮН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК БАГЫТТА КАЛЫПТАНДЫРУУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Макалада болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлщгүн этнопедагогикалык багытта калыптандыруу өзгөчөлүктөрү чечемеленип берилген.*

Акыркы жылдардын ичинде өзгөрүп жаткан саясий-экономикалык реформалар коомубуздун бардык тармактарына таасирин тийгизүүдө десек болот. Ошондой эле билим берүү системасында дагы демократиялаштыруу менен бирге гумандаштыруу реформалары жүрүүдө. Бүгүнкү күндө болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн этнопедагогикалык багытта калыптандыруу негизги проблемалардын бири болуп саналат. Биздин билим берүү системабызда этнопедагогикалык илимий изилдөөлөрдүн тажрыйбасына бай десек болот. Болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн этнопедагогикалык багытта калыптандырууну изилдөөдө төмөнкү окумуштуулардын: М.Р.Рахимова, А.Алимбеков, Т.Панкова, Н.К.Дюшеева, А.Калдыбаева ж.б. кошкон салымдары чоъ.

Демек, адабияттардын анализи көргөзгөндөй, педагогика элдердин ар түрдүү мезгилдеги окутуу жана тарбиялоо проблемасынын үстүндө ой-жүгүртүү менен ар түрдүү чечимдерге келишкен, мындай өзгөчөлүктөр педагогикалык таасир этүүнүн жетишкендиктери менен, б.а., мүнөз, тарбиялоочуунун өздүк эрки, педагогдун компетенттүүлүгү, инсандын өздүк түзүлүштөрү, жогорку нравалуулук менен белгиленет. «Тарбиянын күчү бир гана тирүү инсандык булактардан өсөт, б.а. мүнөздү пайда кылат, инсан инсандын өнүгүшүнө таасир этет», - деп К.Д.Ушинский божомолдогондо, бүгүнкү күндө болочок мугалимдердин кесиптик даярдыгын модернизациялаштырууну окутуу жаъы талаптардын, шарттардын, окутуунун технологияларын жана жаңы методикалардын жабдылышын, окутуу процессин түзүчүүлөрдүн чыгармачылык ойлорун түзүүдө десек болот. Мындай өзгөчөлүктөр педагогикалык ЖОЖдо педагогикалык кадрларды даярдоодо чоң жоопкерчиликтерди пайда кылуу менен, жогорку кесиптикке даярдоодо жана анын көрүнүштөрүн сапаттуу өздөштүрүүдө, этнопедагогика илими сыяктуу, б.а., этникалык маданияттын негизинде, окуучуларды инсан катары калыптандырууда, б.а., балдарды ар тараптуу тарбиялоодо негизги база болуп саналат [ 2].

Педагог катары болочок мугалимдерди кесипке даярдоодо анын ишмердүүлүк түзүлүштөрү өзгөчө ролду ойнойт, ошондой эле анын чыгармачылык ой-жүгүртүүлөрүнүн интегралдуу жөндөмдүүлүктөрү менен мүнөздөлөт. Мындай өзгөчөлүктөр билим, билгичтик жана көндүмдөр жөндөмдүүлүктөрүндө колдонулат. Анын инсандык сапаттарынын комплексттщщ колдонушунун негизделиши менен, теоретикалык-методологиялык аң-сезимдери, методикалык маданият жана педагогикалык рефлекциялар менен мүнөздөлөт. И.Б. Кото жана Е.Н. Шиянованын ойлору боюнча болочок мугалимдердин этнопедагогикалык багытта кесиптик даярдыктарын калыптандырууда педагогикалык ишмердүүлүктө бир жагынан, психикалык, психофизиологиялык жана физикалык педагогикалык ишмердүүлүктөрүн б.а. илимий-теориялык жана практикалык, педагогикалык компетенттүщлүктү түзүүчү кесиптик негиздерин калыптандыруу болуп саналат. Тагыраак айтканда, акыркы убакта бул проблема көпчүлүк изилдөөчүлөрдүн көңүлүн өзүнө бурууда десек болот. Б.а., акыркы 10-15 жыл ичинде мындай изилдөөлөр боюнча көп ачылыштар пайда болду десек болот. Педагогду кесипке даярдоодо, мына ушул суроолорду козгоодо бир нече авторлор, мисалы: К.Н. Гуров, А.Б. Барабанщиков, Е.В. Бондарев, В.И. Загвягинский, В.А.Кан-Калик, И.Б. Котова, Н.В. Кузьмина, В.А.Николаев, В.А,Сластенин, Г.А. Станчинский, Е.Н. Шиянов, Р.Н. Щербаков, А.В. Шаалы ж.б. кошкон салымдары чоъ [ 3].

Мектепте эффективдүү иш алпарууда этнопедагогикалык багытта мугалимдерди даярдоодо кесиптик, нравалык жана этнопедагогикалык өзгөчөлүктөр негизги фактор болуп саналат. Ошондой эле болочок мугалимдердин этнопедагогикалык маданиятын калыптандырууда эң негизги болуп педагогдун ар тараптуу ишмердүүлүктөрүн этнопедагогикалык деңгээлде өнүктщрщщ саналат. Коомдо этнопедагогикалык маданияттын төмөнкүдөй традициялык үч бөлүгү түзщлёт:

1. Бирдиктүү.
2. Маңыздуу.
3. Структуралык.

Булардын инсандык этнопедагогикалык маданиятын калыптандырууда төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрүн эске алуу керек:

- этнопедагогикалык аң-сезим,
- этнопедагогикалык ой-жүгүртүү,
- этнопедагогикалык ишмердүүлүк.

Этнопедагогикалык көз караштардын калыптанышындагы негизги сапаттар башка улуттук мектептерде да ишмердүүлүктү уюштурууда керектелген баалуулук - багыттуулугу катары өнүгүш керек.

Ошондуктан этнопедагогикалык маданиятка болочок мугалимдер ЖОЖдо калыптана башташы керектиги күтүлөт. Мындай маселелерди чечүүдө бирдиктүү этнопедагогикалык маданияттын калыптанышын уюштуруу менен этнопедагогикалык билимдер системасын ишке ашырууну жөнгө салуудагы карама-каршылыктар азыркы учурда мектептерде күч алууда десек болот. Ошол себептүү карама-каршылыктар төмөнкүдөй чечмеленип берилген.

Биринчиден, окуу-тарбиялоо процесстерин этнопедагогикалык билимдерге колдонуу керектиги, улуттук өздүк аң-сезимдин күчүн жөндөө негизги маселе.

Экинчиден, мугалимдерде этнопедагогикалык маданияттын төмөнкү деңгээлдери жана традициялык интеграциянын керектиги, ошондой эле традициялык эмес этнопедагогикалык мамилелерди мектептердеги баалуулук-ориентациялык ишмердүүлүктүн программаларын жөнгө салуу болуп эсептелет.

Үчүнчүдөн, мугалимдерде аң-сезимде этномаданияттын өнүгүшүнүн жетишсиздиги о.эле коомдогу керектелүүчү традициялык каражаттардын пайда болушунун жана этнопедагогикалык маданияттын методдору коомдук экономикалык турмуштун өнүгүшү менен негизделет [ 2]. Тагыраак айтсак, бүгүнкү күндө ЖОЖдо этнопедагогикалык проблемалар боюнча педагогика жана психология кафедрасында педагогикалык дисциплиналардын ичинен «этнопедагогика жана этнопсихология» курстарында толук маалымат берилет. Дегеле, педагогикалык даярдыктарда кесиптик өзгөчөлүктөр боюнча биринчи курста «Кесипке киришүү предметинен, андан кийин психологиялык-педагогикалык багыттагы курстарда, б.а., тандалып окулуучу сабак «Этнопедагогика жана этнопсихология» курстарында кеңири түшүндүрүлөт.

Болочок мугалимдердин этномаданияттынын калыптанышы аталган курсттарда аны өздөштүрүү өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. Демек, этнопедагогикалык маданият ар бир элдин улуттук психологиялык чагылдырылышы, менталиттери, туруктуулук фактору катарында убакыттын өтүшү менен коомдук пайдалуу традициялардын (бөлүктөрү) өзүнчө, ал эми жоготууда же өзүндөгү (биринчи) баштапкы өзгөртүүлөр, адамдын эсинде жашоонун улантууда мурунку сапаттуу таануулар (Г.Н.Волков, Т.Н.Петрова) саналат. Буларды төмөнкү өзгөчөлүктөрдөн байкоого болот:

- көп образдуу традиция үй бүлөлүк, эмгектик, оюн түрлөрү менен өзгөчөлөнөт, ошондуктан башка коомго кеч же паралелдүү өтүү менен өзгөчөлөнөт, элдик тарбиянын турмуштук түшүнүктөрүнө маани бербей, мындай түзүлүштөр мектептик, студенттик, армиядагы жаштар, медициналык, спорттук ж.б. түзүлүштөрдө өзгөчөлөнөт.

Принциптердин негизинде коомдун маңыздары белгиленип, элдин жашоо турмушунун мүнөздүү көрүнүштөрү - боорукердик, жалпы ишке тартиптүүлүк жоопкерчилик катарында, корпоративдүүлүк, группалык сезимдери козголуп, мындай

өзгөчөлүктөргө, айрыкча, студент көңүлүн буруу менен жогорудагы көп образдуу элестөөлөр, мамилелер мугалимдик кесиптин даярдыгын белгилөө менен айрым өзгөчөлүктөрү каралып, анын теориялык маңыздары аныкталып, болочок мугалимдердин этнопедагогикалык сапаттарын калыптандырууда практикалык жана инсандык компененттерин түзөт. Ошондой эле авторлор болочок мугалимдердин этнопедагогикалык жактан калыптандыруу өзгөчөлүктөрүн методикалык, технологиялык, социалдык, моралдык психикалык компенеттерден айырмалайт.

Белгиленген классификацияларга таянып, мугалимдин кесиптик даярдыгын өзгөчөлүктөрүн белгилеп, улуттук мектептерде окуучулардын баалуулук ориентациясын калыптандырууда регионалдык-этникалык маданияттын жаралуу шарттарында айырмалашат.

Мугалимдин теориялык даярдыгы өзүнө төмөнкү аспектилерди камтыйт:

- өзүнүн элинин улуттук маданиятын билүү жана башка элдердин, б.а. анын негизги өкүлдөрүн салыштыруу менен окутат;

- аналитикалык билгичтик - прогрессивдүү идеялардын илимий негизделген баалуулуктарын объективдүү жана элдик педагогиканын тажрыйбаларында анализдөө;

- инсандын өнүгүү билгичтиктерин прогноздоо, педагогикалык процесстердин жүрүшү менен билим берүүчүлүк, тарбияланган жана этномаданий материалдардын жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу;

- рефлексивдүү билгичтик, бул баалуулук ориентациясынын калыптанышы менен мугалимдердин практикалык даярдыгынын негизги критерийлерин жөнгө салу;

- этномаданий каражаттарды ишке ашыруу жана иштеп чыгуу билгичтиктери, элдик педагогикадагы акциологиялык потенциалдар, элдик педагогикада этномаданияка тарбиялоодо билим берүү жөндөмдүүлүк ыктарын колдонуу;

- мобилдүү билгичтиктер окуучулардын көңүлүн башка улуттардын маданияттын элестетип изилдөөгө үйрөтүү менен элдердин тарыхын, туруктуу кызыгууларын өнүктүрүү о.э. чыгармачылыктарын жөнгө салуу, керектөөлөрүн калыптандыруу;

- ориентациялык билгичтик окуучулардын моралдык-баалуулуктарын алардын багыттарын калыптандыруу билгичтиги;

- окуучулардын баалуулук ориентациясын калыптандырууда улуттун маданиятынын базасында калыптандыруу билгичтиги, алардын таануучулук мүмкүнчүлүктөрүнө жооп берүү;

- коомдун белгилүү факторлорунда тарбиялоо ишмердүүлүгүн колдонуу билгичтиги (коомдук ой-пикирлер, традициялар, каада-салттар) ж.б;

- перцептивдүү жана коммуникативдик билгичтик класстын составдык мүчөлөрүн эске алуу менен балдардын экономикалык абалдарын адекваттуу таануу өзгөчөлүктөрүн, пикирлеринин ошондой эле алардын улуттук ситуацияларынын макулдугу менен педагогикалык ишмердүүлүктө дифференциялоо билгичтиги. Кесипке даярдоодо өз алдынча компоненттердин сапаттулугун билүү менен мугалимдердин ЖОЖдо өздүк билим алуусунда окутуунун жүрүшүндө студенттерди ориентирлөө алардын өзгөчөлүктөрүн калыптандыруу;

- этнопедагогикалык жана этнопсихологиялык билимдердин тегерегинде аларды өздөштүрүүгө умтулуу жана кесиптик жөнгө салуунун керектигин таануу мүмкүнчүлүктөрү;

- элдик педагогиканын ар түрдүү булактарын өз алдынча иштерде калыптандыруу ыктары жана билгичтиктери.

Ыктарды жана билгичтиктерди изилдөө менен аны уюштуруу иш - чаралары, мугалимдердин тажрыйбасынын үстүндө ой-жүгүртүү, андан сырткары, ата-энелер менен иштөө каражаттарын ишке ашыруу, болочокто мугалимдик кесиптин даярдыгын калыптандырууда студенттер төмөнкүдөй түзүлүштөргө таянат:

- пикирлешүүнүн өзгөчөлөнгөн этносоциалдык маданий түшүнүктөрүн кабыл алуулары;

- этносоциумда инсандын курактык өзгөчөлүктөрүн билүү;

- үй - бүлөдө бирдиктүү ишмердүүлүктү камсыз кылуу билгичтиктери менен мектептерде окуучулардын баалуулук ориентациясын калыптандыруу жана коомдоштуруу.

Демек, мугалим инсан катары кесип даярдыгын компоненти деп айтууга болот. Ошондуктан мугалим - коомдун официалдуу өкүлү катарында инсанды тарбиялоодо чоң ролду ойнойт. Ал нравалык баалуулукту өзүндө алып жүрүүчү, коомдо жашай билген, коомдук маданиятты жөнгө салган өзгөчөлүктөргө ээ десек болот [2].

Мугалимдин нравалык даярдыгы, биздин изилдөөлөр көрсөткөндөй:

- жалпы адамкерчилик же болбосо гумандуулук теориясынын негизинде улуттук маданияттын руханий-нравалык баалуулуктарын өздөштүрүүсү. Ошол себептүү педагог өзүндө төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрдү иштеп чыгышы керек, өсүп келе жаткан жаш муундарды этномаданияттын баалуулуктарына тарбиялай билүү жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу. Этномадниятка тарбиялоодо бир гана улуттук традицияларга, каада-салттарга таянбастан, конкреттүү этносторун турмуштук жана нравалык принциптердин өздөштүрүү менен, жалпы адамзат коомунун традицияларын, каада салттардын, мүнөздөрүн, б.а., ар бир улуттун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен калыптандыруу керектиги макалада чагылдырылган.

**Адабияттар:**

1. Измайлов А.Э. Народная педагогика: Педагогические воззрения народов Средней Азии и Казакстана. - М., 1991.
2. Рахимова М., Панкова Т. Кыргызская народная педагогика (методические пособие). - Б.,1994.
3. Абдраимова Р.А. Кыргызская этнопедагогика и воспитание детей. – Киев, 1997.